**БЕКИТЕМИН**

С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди

«8» 11 2025 -жыл. Протокол № 2

АТЭКтин директору ________ Жаныбек у Р

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН СТУДЕНТТЕРИНИН ПРАКТИКАСЫН УЮШТУРУУ БОЮНЧА ЖОБОСУ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Учурдагы жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин (мындан ары - АТЭК) студенттеринин практикаларын уюштуруу маселелерин жөнгө салат. Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмунун студенттеринин өндүрүштүк (кесиптик) практикасы жөнүндө» жобосунун, Учурдагы жобо С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин уставынын негизинде түзүлгөн.

1.2. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык техникалык-экономикалык колледжинде адистиктерди даярдоодо: Окуу, Өндүрүштүк практикалар ишке ашырылат. АТЭКте окуу практикасы өз ичинен: таанышуу практикасы жана окуу практикасына бөлүнөт. Өндүрүштүк практика адистиктин спецификасына жараша: технологиялык, өндүрүштүк жана квалификациялык болуп бөлүнөт.

1.3. Практиканын бул белгиленген түрлөрү АТЭКте ишке ашырылып жаткан орто кесиптик билим берүү программаларынын курамдык болүгү болуп саналат.

1.4. Агрардык техникалык-экономикалык колледжинде практикалардын колөмү жана аралыктары адистиктердин спецификасына жараша ОКББ МББСнын, Кесиптик стандарттардын талаптарына ылайык аныкталат.

1.5. Практикаларды өтөө боюнча нускамалар жана методикалык колдонмолор адистиктин профилдерине жараша иштелип чыгат.

## 2. Практиканын этаптары.

2.1. Студенттердин практикасынын түрлөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы № 53 "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана орто билим берүүчү уюмдарынын иш-аракеттерин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларын бекитүү жөнүндө" токтому

менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобо менен аныкталган.

2.2. Окуу практикасы студенттердин кесиптик билим алуудагы теориялык билимдерин өнүктүрүүгө, кесиптик ишмердүүлүгүнүн багыттары менен тааныштырууга, кесиптик баштапкы көндүмдөрүн калыптандырууга, теориялык билимдерин практикалык көндүмдөргө айкалыштыруунун баштапкы тажрыйбаларын өздөштүрүүгө багытталат.

2.3. Өндүрүштүк (кесиптик) практика студенттердин теориялык окутуу процессинде алган билимин бышыктоого жана тереңдетүүгө, зарыл болгон кесиптик ыкмаларды алууга, окуп жаткан адистик боюнча практикалык иштердин тажрыйбасын үйрөтүүгө багытталган.

2.4. Квалификациялык практика буга чейин алган билимдери менен көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, калыптанган кесиптик компетенцияларын практикада колдонуу тажрыйбаларын өркүндөтүүгө, кесиптик ишмердүүлүгүндө өз алдынча квалификациялык долбоордук жеке тапшырмаларды аткаруу жөндөмдөрүн калыптандырууга жана кесиптик жыйынтыктоочу сынактарга даярданууга багытталат

## 3. Практикаларды уюштуруу.

3.1. практикаларды уюштуруунун этаптарында төмөнкүлөр каралат:

- колледжде билим алып жаткан студенттердин адистигине жана ага берилчү квалификациясына жараша туура келген бүтүрүүчүлөрдү даярдоо деңгээлинин минимум мазмунуна жана даярдык деңгээлине карата мамлекеттик талаптардын аткарылышы;

- студенттердин практиканын программасына жараша кесиптик ишти үйрөнүүсүнүн үзгүлтүксүздүгү жана ырааттуулугу.

3.2. Баштапкы кесиптик үйрөнүү практикасы (окуу практикасы) колледждин окуу-өндүрүштүк комплексинде, келишим менен кызматташууларды жүргүзүүчү мекеме, ишканалардын базасындагы устаканаларында, окутуучу чарбаларында, окуу-тажрыйбалык участокторунда жана башка көмөкчү объекттеринде өткөрүлөт.

3.3. Колледждеги өндүрүштүк практикалар, учурда колледж менен келишимдердин негизинде иш алып барып жатышкан мамлекеттик жана жеке менчик мекеме ишканаларда, уюмдарда өткөрүлөт.

Эгерде практика өтөөчү студенттин билими жана көндүмдөрү мекеме, ишкананын талаптарына туура келип, студенттер бош кызмат орундар сунушталса колледж өзү тараптан студенттерге толугу менен жардам коргөзүү милдетин алат.

3.4. Өндүрүштүк (кесиптик) практика төмөнкү формаларда өткөрүлөт:

- өндүрүштүк үйрөтүү сабактары;

- практикалык сабактар;

- практиканын программасынын талабына жооп берген даярдоонун технологиясы боюнча окуу-өндүрүш устаканаларында студенттердин көргөзмө куралдарды, окуунун техникалык каражаттарын, окуу мебелдерин жана башка товардык продукцияларды жасоо боюнча өндүрүштүк иши;

- студенттердин тажрыйба-эксперименталдык, конструктордук, ойлоп табуучулук ишке катышуусу.

3.5. Өндүрүштүк (кесиптик) практиканы өткөрүү мөөнөтү студенттердин теориялык даярдыгын жана мастерскойлордун, окуу-өндүрүш базасынын мүмкүнчүлүгүн, жана окуу жайдын окуу полигондорунун, практика өтүүчү жердеги уюмда иш орундун болуусун жана алардын суроо талаптарын эске алуу менен колледж тарабынан белгиленет.

3.6. Өндүрүштүк (кесиптик) практика же үзгүлтүксүз цикл түрүндө, ошондой эле теориялык окуу жана практиканын мазмунунун өз ара байланышы камсыз болгон шартта теория менен алмаштырылып, күнүмдүк (жумалык) жол менен ишке ашырылса болот.

3.7. Колледж тарабынан ИОО (иш ордунда окутуу) процесси ишке ашырылып, ал билим берүү программасынын курамына киргизилсе, колледждеги практикалардын программалары жана практиканын көлөмү өзгөрүүгө учуроосу мүмкүн.

3.8. Практиканын базаларын колледждин администрациясы уюмдар менен алардын уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин формасына карабастан түз байланыштардын негизинде бекитип берет.

3.9. Студенттердин окуу (үйрөнүү) практика мезгилиндеги аткарган өндүрүштүк ишине эмгек акы Кыргыз Республикасынын тийиштүү тармактагы уюмдар үчүн мыйзамдарында каралган тартипте, колледждин жана мекеме, ишкананын ортосунда түзүлгөн келишимине ылайык төлөнөт.

3.10. Практика өтүп жаткан мезгилде студентти практикант катары жумуш ордуна алуу убакытынан баштап аларга Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдары колдонулат.

3.11. Колледждин студенттери мекеме, ишканаларда өндүрүштүк (кесиптик) практика өтүп жатканда төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- өндүрүштүк (кесиптик) практиканын программасында каралган тапшырмаларды толук аткарууга;

- уюмда колдонулган ички эмгек тартибин сактоого;

- эмгекти коргоо нормаларын жана өрттөн сактануу эрежесин үйрөнүүгө жана катуу сактоого.

3.12. Студенттердин отчет берүү формасы колледж тарабынан аныкталат.

3.13. Өнөр жай, курулуш, транспорт, байланыш, айыл чарба жана башка адистиктер боюнча окуулук практика мезгилинде тийиштүү лицензиясы бар уюмдардын окуу-өндүрүштүк мастерскойлорунда, окуу участокторунда (цехтерде), ошондой эле окутуу бөлүктөрүндө (мектепке чейинки жана жалпы башталгыч, негизги жана орто билим берүүчү мамлекеттик билим берүү мекемелеринен бөлөктөрүндө), жана билим берүүчү ишти жүргүзүүгө укугу бар адистерде жекече даярдоо түрүндө кесиптик даярдыктан өтүүгө болот. Мында, квалификациялык экзамендерди тапшыргандан кийин студенттерге жумушчулук кесиптер боюнча квалификациялык разряд берилиши мүмкүн.

3.14. Баштапкы кесиптик ыкмаларга практикалык окууну эреже катары өндүрүштүк окутуучу мастерлер өткөрүшөт:

3.15. Окуу практикасы окутулуп жаткан сабактардын уландысы болгондо (геодезиялык, педагогикалык, медициналык ж.б.), аны колледждеги атайын сабактардын мугалимдери өткөрүшөт.

3.16. Окулуп жаткан сабактардын уландысы болгон окуу практикасынын тизмеси колледж тарабынан аныкталат.

3.17. Өндүрүштүк окутуучу мастерлердин окутуу жүгү окуу планында каралган окуулук сааттардын санына жараша аныкталат.

3.18. Адистиктин профили боюнча (технологиялык) практиканы жана диплом алдындагы (квалификациялык же стажировканы) колледж тарабынан бекитилген практика жетекчилери өткөрүшөт.

**4. Колледждин практика жетекчилерини милдеттери**

- мекеме, ишканалардын өкүлдөрү (мекеме тарабынан практика жетекчилери) менен байланышып жана аны менен бирдикте практика өтүүнүн иш программасын түзүшөт;

- жеке тапшырмалардын тематикасын иштеп чыгышат;

- практика учурунда студенттерди иш ордуна бөлүштүрүүгө же аларды жумуштун түрлөрү боюнча орун алмаштырууга катышат;

- практика убактысында студенттердин туура пайдаланылышын көзөмөлдөшөт;

- студенттердин жеке тапшырмаларды: аткарышына жана дипломдук ишке материал топтоосуна методикалык жардам көрсөтүшөт;

- практиканттардын практиканын программасын аткаруу жыйынтыгын баалашат.

**4. Мекеме, ишкана тарабынан жана колледж тарабынан практика боюнча өз ара милдеттенмелери**

4.1. Мекеме, ишкананын жетекчиси, анын орун басары же башкы адистердин бири студенттердин практикасына жалпы жетекчилик кылат.

4.2. Мекеме тарабынан  практика өтөө учурунда студенттерге коопсуздук эрежелери тааныштырылат.

4.3. Мекеме тарабынан студенттердин практика учурундагы тапшырмаларынын аткарылышына көзөмөлдүк кылынат жана практиканын документтериндеги тиешелүү бөлүмдөрдү толтурат.

4.4. Колледж кесиптик билим берүү оку жайы катары практиканы уюштуруудагы тиешелүү демилгелүүлүктү аткарууга милдеттенме алат;

4.5. Колледж менен мекеме, ишканалардын ортосундагы практика боюнча башка милдеттенмелер эки тараптуу келишимдерде толугу менен камтылат жана ал милдеттенмелер келишим түзүлгөн күндөн баштап белгиленген мөөнөтү аяктаганча күчүнө кирет.